Абдибайитова А.А., Тайиров М.М., Мадиярова Ч.А.

# ОКУУЧУЛАРДЫН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО КӨЗ КАРАШЫН ТАБИЯТ ТААНУУ ПРЕДМЕТИ АРКЫЛУУ КАЛЫПТАНДЫРУУ

Абдибайитова А.А., Тайиров М.М., Мадиярова Ч.А.

# ФОРМИРОВАНИЕ МИРОВОЗЗРЕНИЯ УЧЕНИКОВ НА ОХРАНУ ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЫ ЧЕРЕЗ ПРЕДМЕТ ПРИРОДОВЕДЕНИЕ

Abdibayitova A., Tayirov M., Madiyarova Ch.

# FORMATION OF STUDENTS' WORLDVIEW ON ENVIRONMENTAL PROTECTION THROUGH THE SUBJECT OF NATURAL SCIENCE

*УДК: 371.388.6*

*Берилген макалада орто мектептерде окутулуп жаткан табият таануу предмети аркылуу окуучулардын айлана-чөйрөнү коргоого болгон мамилесин туура калыптандыруу көйгөйү каралат. Авторлор азыркы мезгилде окуучулар тарбиялык мааниси тайкы видеодон, ар түрдүү кинолордон көргөн терс каармандарды тууроо аркылуу, интернет булактарынан келген таасир берүүчү маалыматтардан улам айлана- чөйрөгө болгон мамилелери кескин өзгөргөнүнө күбө болуп келгендери жөнүндө баяндашат. Ар бир илимдин жетишкендиктерин туура пайдалануу аркылуу, сабак учурунда окуучуларга сезимдерге оң таасир берүүчү, туура жол көрсөтүүчү, айлана-чөйрөнүн ар бир элементине аяр мамиле жасоого тарбиялоо окутуучулардын ыйык милдети экендиги жөнүндө белгилешет. Окутуу учурунда усулдардын мааниси чоң экендигине маани беришет. Ар бир теманын өзүнүн балдарга берген таасирин, темаларды терең талдоо менен усулду тандоону туура экендигине басым жасашат. Айлана-чөйрөгө туура мамиле жасоого тарбиялоодо ошол темага байланышкан ар бир термин жөнүндө окуучулардын түшүнүгү терең болушун камсыз кылуу керек экендигин көрсөтүшөт. Жаратылыш менен туура мамиледе болбосок, келечек муунду туура багыттап, айланы-чөйрөнү коргоого тарбиялап барбасак, эртеңки күндө, жабыркаган жаратылыш өч алары тууралуу кеңири баяндашат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *айлана-чөйрө, тарбия, усул, калыптандыруу, табият таануу, шайкештик, демилгелүүлүк, жаңы технология, жаратылыш, сезүү органдары.*

*В данной статье рассматривается проблема формирования у учащихся правильного отношения к охране окружающей среды через предмет природоведение, который преподается в общеобразовательных школах. Авторы свидетельствуют, что в настоящее время наблюдают за резким изменением отношения учащихся к окружающей среде, что обусловлено воздействием информации из Интернет-источников, подражанием отрицательным персонажам, увиденным в дезинформирующих видеороликах и фильмах. Подчеркивается, что важнейшая задача учителей — воспитывать у учащихся бережное отношение к каждому элементу окружающей среды, используя на уроках достижения различных наук. Авторы акцентируют внимание на важности выбора методов обучения, подчеркивая необходимость глубокого анализа тем и их влияние на учащихся. Они указывают на значимость обеспечения учащимися глубокого понимания каждого термина, связанного с окружающей средой, и подчеркивают, что без правильного отношения к природе и обучения будущих поколений бережному отношению к ней, мы столкнемся с серьезными последствиями деградации окружающей среды.*

***Ключевые слова:*** *окружающая среда, образование, методы, естествознание, совместимость, инициатива, новые технологии, природа, органы чувств.*

*This article examines the problem of developing in students the correct attitude towards environmental protection through the subject of natural history, which is taught in secondary schools. The authors indicate that they are currently observing a sharp change in students' attitudes towards the environment, which is due to exposure to information from Internet sources and imitation of negative characters seen in misleading videos and films. It is emphasized that the most important task of teachers is to instill in students a caring attitude towards every element of the environment, using the achievements of various sciences in lessons. The authors emphasize the importance of choosing teaching methods, emphasizing the need for in-depth analysis of topics and their impact on students. They point out the importance of ensuring students have a deep understanding of*

*every term related to the environment, and emphasize that without a proper attitude towards nature and teaching future generations to respect it, we will face serious consequences of environmental degradation.*

***Key words:*** *environment, education, methods, natural science, compatibility, initiative, new technologies, nature, senses.*

Азыркы күндө Жер планетасынын ар түрдүү калдык, чыгынды, таштандылар менен жабыркашы, башка тармактар сыяктуу билим берүү системасында жаңы экологиялык багыттагы көйгөйлөрдү жаратты.

Билим берүү тармагында окуучуларга айлана – чөйрөнү таза сактоого, коргоого багытталган түшүнүктөрдү калыптандырууга, өнүктүрүүгө багытталган окутуунун усулдарын иштеп чыгуу учурдун актуалдуу талабы.

Билим берүү программаларын карап чыксак, 5-класста табият таануу предметин окутуунун максаты – жандуу жана жансыз жаратылыштын көп түрдүүлүгүн жана айлана – чөйрөдө, табигый топтордо жана тирүү организмдерде жүрүүчү кубулуштардын закон ченемдүүлүгүн түшүнүү үчүн окуучуларда дүйнөнүн сүрөттөлүшү жөнүндө элестөөлөрдү калыптандыруу деп көрсөтүлгөн.
5-класста табият таануу предметинин жогоруда көрсөтүлгөн мазмундук тилкелери боюнча окуу материалын бөлүштүрүү.

**Табият таануу предметинин мазмуну** **1-таблица.**

| Мазмундук тилкелер | Окуу материалы |
|---|---|
| «Табият жана аны таанып билүү жолдору» | Бизди курчап турган табигый дүйнө.<br>Табияттын сырларын кантип окуп үйрөнүү керек.<br>Мурун көңдөйү – жыт билүү органы.<br>Даамды кантип сезебиз.<br>Кантип көрөбүз. Көз.<br>Кантип угабыз. Кулак.<br>Тери. Сырткы чөйрөнү тери менен сезүү.<br>Адамдын мээси. Мээнин таанып-билүүдөгү орду.<br>Таанып-билүү методдору: байкоо жана тажрыйба. |
| «Нерселердин жана заттардын дүйнөсү» | Материя. Зат жана нерсе.<br>Масса–бардык нерселердин негизги мүнөздөмөсү.<br>Нерсенин массасын өлчөө.<br>Заттын курамы, түзүлүшү жана абалы.<br>Молекулалардын жана атомдордун кыймылдары. Диффузия.<br>Химиялык элементтер.<br>Жөнөкөй заттар. Заттардын аралашмасы.<br>Татаал заттар. Суу эриткич.<br>Органикалык заттар. |
| «Табияттын кубулуштары» | Механикалык кыймыл.<br>Үн кубулуштары.<br>Жылуулук кубулуштары.<br>Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдардын жашоосундагы суунун бууланышынын мааниси<br>Электрдик кубулуштар.<br>Магниттик кубулуштар.<br>Жарык кубулуштары.<br>Химиялык кубулуштар. |
| «Биз жер планетасында жашайбыз» | Жылдыздуу асман – жаратылыштын ачык китеби.<br>Күн – күндүзгү жылдыз.<br>Күн системасы жана планеталар.<br>Жер планетасы – адамзаттын бешиги.<br>Атмосфера–жердин аба кабыгы. Абанын температурасы.<br>Абанын кыймылы. Жаан-чачын.<br>Суу – Жердеги жашоонун булагы.<br>Топурак жана анын өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү мааниси.<br>Жаныбарлар дүйнөсү |

Мектептерде ушул мазмундагы китептер менен сабак өтүшүүдө.

Педагогикада жаратылышты таанып билүү процессинде окуучулардын дүйнө таанымын калыптандыруу боюнча идеялар (Жан-Жак Руссо, Иоганн Генрих Песталоцци, Фридрих Адольф Вильгельм Дистервег) негизделген.

Генрих Песталоцци тарабынан окуучуларды жаратылышка шайкештик, маданий ылайыктуулук, демилгелүүлүк принциптери менен тарбиялоо аркылуу билим берүү максатка ылайыктуу экенин өз мезгилинде баса белгилеген. Балдарга жаратылышка шайкештик келүү, экологиялык билим берүү маселеси татаал жана көп кырдуу социалдык мааниге ээ экендиги азыркы учурда байкалды. Анын чечилиши адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелеринин түздөн-түз заманбап философиялык-тарыхый концепциянын өнүгүшү менен байланыштуу болот.

Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө билим берүүнүн пайда болушу бир катар объективдүү себептерден, адамзат коомунун жана жаратылыштын өз ара аракеттенүүсүн изилдөөнүн натыйжасында жаралат. Бүгүнкү күнгө чейин түзүлгөн бардык илимий дисциплиналар боюнча (биринчи кезекте философияда, социалдык экология жана жашоонун жалпы теориясы), айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө билим берүүнүн жалпы маңызынын, мазмунунун жана багытынын жалпы мамилелерин аныктоого мүмкүндүк берүүчү жаңы көз караштар, көрсөтмөлөр иштелип чыгуусу зарыл.

Адам жаралгандан баштап, жаратылыш менен жакын мамиледе болуп, жаратылыш анын таанып, билүүчү предмети боло баштаган. Элдердин жаратылышка жасаган мамилелеринин мүнөзү, ал мамиле кандай болушу керек, адам баласынын жаратылышка жасаган мамилесине жараша азыр кандай, келечекте кандай болуп кетиши мүмкүн деген суроолор пайда болот.

Бул теманын актуалдуулугу күтүлүүчү чыныгы экологиялык коркунуч менен байланышкандыгында.

Адам баласынын жаратылышка жасаган мамилесине жараша экологиялык коркунуч барган сайын коркунучтуу жана масштабдуу болуп көбөйүп татаал экологиялык абалдан экологиялык кырсыктарга баратат [3].

Ушундай абалдан чыгуу, алдын алуу максатында билим берүүчү мекемелер өз деңгээлине жараша экологиялык түшүнүктөрдү калыптандырып баруусу зарыл.

Кандай гана билим чөйрөсү, кандай илим болбосун илимий түшүнүктөрдүн системасына негизделет. Түшүнүк – бул нерсени же анын атрибутун белгилөөчү жана сөз же сөз айкашында туюнтулган ой жүгүртүүнүн формасы [2].

Түшүнүктөр мектепте табигый илимий билим берүүнүн мазмунуна киргизилген.

Мисалы 5-класстын табият таануу предметинин биринчи «Табият жана аны таанып билүү жолдору» бөлүмүндө:

- Бизди курчап турган табигый дүйнө.
- Табияттын сырларын кантип окуп үйрөнүү керек.
- Мурун көңдөйү – жыт билүү органы.
- Даамды кантип сезебиз.
- Кантип көрөбүз. Көз.
- Кантип угабыз. Кулак.
- Тери. Сырткы чөйрөнү тери менен сезүү.
- Адамдын мээси. Мээнин таанып-билүүдөгү орду.

Таанып-билүү методдору: байкоо жана тажрыйба.

Ушул темаларды өтүүдө балдарга кантип айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандырса болот?

Тема: Бизди курчап турган табигый дүйнө.

Окуучуларга айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө билим берүү – бул качан педагогикалык процесс экологиянын фундаменталдуу идеяларына жана концепцияларына таянуу менен экологиялык мамиленин негизинде жаратылыш менен тааныштыруу [1].

Сабакта аныкталышы керек болгон биринчи түшүнүк – бул “экология” түшүнүгү: анын артында эмне турат, илим эмнени билдирет. Ата мекендик алдыңкы эколог Эмиль Жапарович Шукуров Кыргызстандагы биринчи экологиялык «Алейне» кыймылынын уюштуруучусу окуучуларды окутууда организмдин айлана-чөйрө менен жана бири-бири менен болгон байланыштарын изилдөөчү биологиялык илим катары экологияга биринчи аныктама берүү маанилүү деп эсептейт [4].

Табият таануу предмети аркылуу окуучулардын айлана-чөйрөнү түшүнүү сезимдерин өнүктүрүү экология дисциплинасына чейин калыптанышы керек, алар төмөнкүдөй мамилелерди карайт: жашоо чөйрөсү менен бирдиктүү организм; өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын ар кандай түрлөрүнүн

популяциясы, алардын жашоо чөйрөсү; тирүү организмдердин чогуу жашаган чөйрөсү менен курамдары.

Окумуштуулар айлана-чөйрө жөнүндөгү түшүнүктөрдүн негизги топторун, алардын өз ара байланыштарын аныкташты, ошондой эле мектептик табият таануу предметиндеги билим берүүнүн мазмунуна кирген түшүнүктөрдү классификациялоонун ыкмаларын сунушташты. Бул теориянын негизинде экологиялык түшүнүктөрдү төмөнкү критерийлер боюнча классификациялоого болот:

Татаалдыгы боюнча: экологиялык түшүнүктөр жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Мисалы, «жарыкты сүйүүчү өсүмдүк» түшүнүгүн «экосистема», «биогеоценоз», «биосфера» сыяктуу татаал түшүнүктөр менен салыштырганда салыштырмалуу жөнөкөй деп эсептесе болот;

Мектепте табият таанууну окутуу практикасында түшүнүктөр ар кандай жолдор менен түзүлүшү мүмкүн: индуктивдүү жана дедуктивдүү.

Түшүнүктөрдү калыптандыруунун индуктивдүү ыкмасы мугалим менен окуучулардын иш-аракетинде белгилүү ырааттуулукту болжолдойт. Алгач объект же кубулуш мүнөздөлөт, анын маанилүү белгилери аныкталат, андан кийин түшүнүккө аныктама берилет.

Түшүнүктү киргизүү – бул объектти (же кубулушту) байкоолордо, эксперименттердин натыйжаларында, окуучулардын таркатма материалдар менен иштөөдө, кинофильмдерди жана видеофильмдерди көрсөтүүдө сезүү-конкреттүү кабыл алуу. Бул этап максаттуу болуп саналат: мугалим окуучуларга байкалган объекттердин айрым касиеттерин, аспектилерин жана олуттуу байланыштарды аныктоого багыт берет. Окуучулардын таанып билүү активдүүлүгү талдоо, салыштыруу менен коштолот. Объекттин касиеттерин жана мүнөздөмөлөрүн салыштыруу үчүн адегенде салыштыруунун максатын белгилешет, андан кийин салыштыруу жүргүзүлүүчү негизги мүнөздөмөлөрдү аныкташат. Андан кийин айырмачылыктарды жана окшоштуктарды табышат.

Изилденүүчү предметтердин же кубулуштардын классынын жалпы жана маанилүү белгилерин (касиеттерин) аныктоо – негизги жана кошумча белгилерди бөлүп алуу, жалпылоо жана системалаштыруу боюнча окуучулардын ишмердүүлүгү менен мүнөздөлгөн этап. Мисалы, “экологиялык факторлор” түшүнүгүн түзүүдө абиотикалык, биотикалык жана антропогендик факторлордун маанилүү белгилери аныкталып, алардын организмдерге тийгизген таасиринин мыйзам ченемдүүлүктөрү белгиленет.

Берилген түшүнүк менен башка түшүнүктөрдүн байланышын түзүү – окуучулардын билим берүү маселелерин чечүү, түшүнүк схемаларын түзүү, салыштырма жана жалпылоочу таблицаларды толтуруу.

Маселелерди чечүүдө түшүнүктөрдү колдонуу - түшүнүктөр менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү, жаңы маселелерди чечүү үчүн билимди колдонуу, ошондой эле түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн күчүн камсыз кылуу.

Түшүнүктөрдүн классификациясы – калыптанып калган түшүнүктөрдүн тобунун байланыштары жана мамилелери жөнүндөгү билимдерди тактоо жана жалпылоо.

Түшүнүктүн калыптануу этаптары жана алардын ырааттуулугу убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү же бир убакта жана өз ара байланышта болушу мүмкүн. Ар бир этапта окуучулардын активдүү таанып билүү активдүүлүгү маанилүү. Окуучулардын түшүнүктөрдү өздөштүрүү процессинин маңызы түшүнүктүн мазмунун, анын көлөмүн жана экологиялык билимдер системасынын структурасындагы башка түшүнүктөр менен байланыштарын өздөштүрүүсүндө жатат.

Окуучулардын түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө шарт түзүүчү шарттар:

- мугалимдин калыптанып жаткан концепциянын мазмунун азыркы илимдин өнүгүү деңгээлине ылайыктуу билими, анын тарбиялык маанисин түшүнүүсү;
- окутуучу тарабынан концепциянын өнүгүү траекториясын (анын мазмунун жана көлөмүн байытуунун этаптары жана түйүндөрү) киргизүүсү, бул анын максаттуу маалымдуулугун камсыз кылат;
- түшүнүктү түзүү ыкмасын туура тандоо (дедуктивдүү же индуктивдүү);
- түшүнүктүн маанилүү белгилерин жана анын башка түшүнүктөр менен байланыштарын тез аныктоого көмөктөшүүчү окутуу ыкмаларын жана методикалык ыкмаларын негиздүү тандоо;
- жаңы түшүнүктөрдү жүйөлүү киргизүү, анда калыптанган түшүнүктөрдүн маанисин окуучуларга баса белгиленет.
- Экологиялык түшүнүктөрдү калыптандырууда табият таануу сабагынын ролу:
- Бүгүнкү күндө экологиялык билим берүүнүн максаты жашоонун маанисин эң жогорку баалуулук катары түшүнгөн экологиялык жактан сабаттуу адамды тарбиялоо;
- жашоону, адамдарды жана айлана-чөйрөнү сыйлоонун негизинде жаратылыш менен болгон мамилебизди түзөй билүү;

- экологиялык түшүнүктөргө ээ болуу, билимдин экологиялык аймактарына багыт алуу;
- экологиялык түшүнүктөрдү, теорияларды билүү жана аларды материалдык жана адеп-ахлак маданияттын ар кандай тармактарында практикалык колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу.

**Корутунду.** Табият таануу предмети аркылуу айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө билим берүү окуучунун инсандыгын өнүктүрүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бул окууга даярданууга гана өбөлгө болбостон, окууну кызыктуураак кылат, анткени учурдагы көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет, натыйжада окуучулардын окууга болгон мотивациясын жогорулатат. Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө билим берүү жана тарбиялоо билим берүүдөгү билимди чындыктан обочолонтуу көйгөйүн чечет. Окуучулар билим менен көндүмдөрдүн жана аларды курчап турган чындыктын ортосундагы байланышты көрүшөт, бул алардын коомго ийгиликтүү социалдык адаптацияланышына өбөлгө түзөт.

**Адабияттар:**

1. Абдибайитова, А.А., Тайиров М.М., Мадиярова Ч.А. Башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык сабаттуулугун жана маданиятын «Мекен таануу» сабагы аркылуу калыптандыруу.
2. Соколова, Н. Д. Экологическое воспитание младших школьников: Учебное пособие [Текст] / Н. Д. Соколова -Екатеринбург, 2008. -65 с.
3. Чернова Н.М., Былова А.М. Экология: Учебное пособие [Текст] / Н.М.Чернова-Москва, 1981.-253 с.
4. Шукуров, Эмиль Джапарович, Бишкек, 2017, ISBN 978-9967-08-658-6